УДК: 37.01:140.8 (575.2) (04)

**Уланбек кызы Карлыгач**
аспирант, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
Мамлекет жана укук институту

**БАЛА ТАРБИЯЛООДОГУ КЫРГЫЗ ФИЛОСОФИЯСЫ**

**Уланбек кызы Карлыгач**
аспирант, Национальная академия наук Кыргызской Республики

**КЫРГЫЗСКАЯ ФИЛОСОФИЯ В ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ**

**Ulanbek kyzy Karlygach**
graduate student
National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic

**KYRGYZ PHILOSOPHY IN THE UPBRINGING OF CHILDREN**

**Аннотация.** Макалада кыргыз эли эзелтеден бала тарбиясына өзгөчө көңүл буруп келишкендигин, бала – үйдүн төрүндөгү байлыгы, ата-эненин аркасындагы кубанычы, урпактын улануусу экендигин далилденет. Кыргыз элинин тарбиялык философиясы – бул жөн гана кеңеш же эрежелер жыйындысы эместигин, бул улуттун руханий дөөлөттөрүнө, салт-санаасына, ата-бабалардан калган акыл насааттарына негизделгендиги баяндала. Бала тарбиялоодогу кыргыз философиясы улуттук өзгөчөлүктөрдү камтып, жаш муундарга адамгерчилик, улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоого жана ата-журтка берилгендик менен кызмат кылуу, жаштарга эмгекчилдик сыяктуу сапаттарын үйрөтүүгө багытталган.

**Негизги сөздөр:** тарбиялык философия, негизги омок, адам болуу, жаратылыштын руху, инсан, рухий ден соолук, руханий тазалык, жаңы муун, сый-урмат.

**Аннотация.** В статье доказывается, что кыргызский народ с незапамятных времен уделяет особое внимание воспитанию детей, Ребенок – это богатство домашнего типа, радость родителей, продолжение рода. Рассказывается, что философия воспитания кыргызского народа – это не просто совет или свод правил, он основан на духовных ценностях, традициях, наставлениях предков. Кыргызская философия в воспитании детей включает в себя национальные особенности и направлена на воспитание у подрастающего поколения таких качеств, как человечность, уважение к старшим, преданность служению старшим и родителям, трудолюбие.

**Ключевые слова:** философия воспитания, основной народ, быть человеком, дух природы, личность, духовное здоровье, духовная чистота, новое поколение, уважение.

**Annotation**. The article proves that the Kyrgyz people have been paying special attention to the upbringing of children since time immemorial, a child is a wealth of a domestic type, the joy of parents, and procreation. It is said that the philosophy of education of the Kyrgyz people is not just a council or a set of rules, it is based on spiritual values, traditions, and the instructions of their ancestors. Kyrgyz philosophy in the upbringing of children includes national characteristics and is aimed at educating the younger generation of such qualities as humanity, respect for elders, dedication to service to the younger and parents, hard work.

**Keywords**: philosophy of education, basic people, being human, the spirit of nature, personality, spiritual health, spiritual purity, new generation, respect.

Ар бир элдин тарыхы, маданияты жана дүйнө таанымы салт санаасы анын бала тарбиялоосунда таамай көрүнүп турат. Ошол үчүн элибизде “куш уядан эмнени көрсө учканда ошону алат” деп бекеринен айтылбаган. Элибиз эзелтеден бала тарбиясына өзгөчө көңүл буруп, “балдар биздин келечек” деп ураан тутуп келишкен. Бала – үйдүн төрүндөгү байлыгы, ата-эненин аркасындагы кубанычы. Кыргыз элинин тарбиялык философиясы – бул жөн гана кеңеш же эрежелер жыйындысы эмес, бул улуттун руханий дөөлөттөрүнө, салт-санаасына, ата-бабалардан калган акыл насааттарына негизделген. Бала тарбиялоодогу кыргыз философиясы улуттук өзгөчөлүктөрдү камтып, жаш муундарга адамгерчилик, улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоого жана ата-журтка берилгендик менен кызмат кылуу, жаштарга эмгекчилдик сыяктуу сапаттарын үйрөтүүгө багытталган.

Кыргыз элинин миңдеген жылдар бою сакталып келишине, кайрадан эгемендүү мамлекеттин ээ болушуна нукура, өзүнө гана таандык баалуулуктары жана нарк таянымдары, уңгулуу тарыхый тажрыйбасы негизги омок болуп берди. Улуу “Манас” үчилтиги кыргыз элине дем берди, чачылганды жыйнады, бириктирди, кубаттуу мамлекет куруууга ишеним жаратты. Ар бир доордо жашап өткөн даанышмандардын, улуу ойчулдардын жараткан акыл-насааттары, ой-корутундулары, элдик макал-лакаптар, учкул сөздөр, элибиздин демине дем кошуп, келечекке багыт берген уңгужол милдетин аткарды. (1-3) Дегеним бул дагы ата-бабаларыбыздан берилген айкөлдүк тарбиясы бүгүнкү күндө жакшы жагынан көрсөтүүдө. Элибиздин өнүгүү жолундагы учу кур эмес! Биз дагы алган тарбияны өз балдарыбызга жакшы жагынан жеткире алабызбы? Мына ушул маселе....

Бала тарбиялоону, баланы эненин курсагында башта дешкен. Эненин туура тамактануусу, туура ой жүгүртүүсү, анын тынчтыгын жана анын саламаттыгы жакшы болгон энеден дени сак балдар төрөлөт.

Жаңы төрөлгөн наристеге элибиз “бешик ырларын” айтуу менен анын үн менен тааныштырып, өзүн жалгыз эместигин, бейпилдикте экендигин сездире алышкан. Андан сырткары эс тарткандан балдарга элдик жомокторду айтып, элдик ырларды ырдатып, элдик оюндарды ойнготуп, турмуштук мисалдарда макал-лакаптарды колдонуп келишкен. Бала кезде “мен көргөн нерселер” реалдуу жашоодо теория катары тарбия деп каралат тура. Мына ушундай өзгөчө тарбиянын маанисин, мазмунун жана заманбап турмушка ылайык колдонулушун терең талдап көрүү, ушул теманын башкы максатын түзөт.

Кыргыз элинин дүйнө таанымы, адамдык сапаттарды баалоого жана руханий байлыктарыбызды барктоого ошондой эле жаратылыш менен гармонияда жашоо терең философия. Ата-бабаларыбыз адам баласын жаратылыштын бир бөлүгү катары көрүп, ар бир нерсенин “жаны”, жаратылыштын “руху” бар деген ишеним менен жашап келишкен. Ушундан улам бала тарбиясында да табигый жазылбаган мыйзамдарга, аруулукка, акыл-насааттарга багытталып, жаратылышка аяр мамиле жасоо керектиги айтылган. Улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов айтып кеткендей “адамга эң кыйыны күн сайын адам болуу” деген сөзү тегин жерден эмес. Анткени кыргыз философиясында “адам болуу” түшүнүгү өзгөчө оорунду ээлейт. Бул түшүнүк жөн гана дене бойдун физикалык чоңойуусу, өз алдынча жашоосу эмес. Ал улууларды урматтап, кичүүлөрдү ызаттоого, намыскөйлүккө, коомго пайдалуу инсан болуу сыяктуу сапаттарды камтыйт. “Адам болор кишинин адам менен иши бар, адам болбос кишинин адам менен неси бар” деген сөз да кыргыз тарбиясынын жамаатчыл, биримдик мүнөзүн камтыйт. Мындай көз караштар аркылуу кыргыз эли балага жаш кезинен жоопкерчилик сезимин, ыймандуулукту, сабырдуулукту жана эмгекчилдикти үйрөтүүгө умтулган. Ар бир жомок, ар бир накыл сөздөр, макал-лакаптар, каада салт, үрп-адаттар, тарбия философиясын чагылтуу катары кызмат кылат.

Бала тарбиялоонун коомдогу мааниси, өтө чоң. Бала-элдин эртеңки келечеги, коомдун уланып жашашынын негизги булагы. Байыртадан ата-бабаларыбыз, бала тарбиялоо үй-бүлөнүн гана эмес бүтүндөй жамаатты, элдин милдети катары караган. “Кызга кырк үйдөн тыюу” деген элдик таалим да муну таамай көрсөтөт. Анткени туура тарбия алган бала, ата-энесинин гана эмес, бүтүндөй улуттун сыймыгы, коомдун пайдубалы бо-

луп эсептелген. Бүгүнкү күнгө чейин төбөсү көрүнгөн инсандарды менин жердешим, биздин уруунун, биздин айылдын баласы же кызы деп сыймыктануу менен айтышкан.

Коомдогу тартип, адеп ахлак, ыйман жана биримдик ошол коомдогу ар бир адамдын тарбиясына жараша калыптанат. Бала тарбиясында мындай жогорку жоопкерчилик кыргыз философиясында жаш муундардын аң-сезимин, инсандык сапатын, улуттук өзгөчөлүгүн сактап калуу максатын көздөйт. Коом өнүгүш үчүн эң биринчи кезекте тарбиялуу, билимдүү, ыймандуу "инсан" болуп калыптанган муун керек экендигин кыргыз эли илгертеден түшүнгөн. Азыркы глобалдашуу доорунда ар кандай маданияттардын аралашуусу, батыш таасириндеги жашоо образы жана технологиянын тездик менен өнүгүшү, ар бир болуп жаткан окуянын интернетте желдей тараган заманда, улуттук баалуулуктардын, анын ичинде салттуу тарбиянын унутта калуу коркунучу кептелүүдө. Кыргыз коомунда ата-бабалардын тарбиясынын орду акырындык менен алсырап, жаңы муундарга берилүүчү руханий мурастар толук жетпей калган учурлар жок эмес. Мындай шартта улуттук философиянын негизинде калыптанган бала тарбиясын кайрадан изилдеп, заманбап коомго ыңгайлаштырып колдонуу чоң мааниге ээ.

Бул теманын актуалдуулугу дал ушул жоголуп бараткан тарбиялык дөөлөттөрдү кайрадан жандандырып, ата-бабалардан калган акыл насааттарды азыркы жаш муунга жеткирүү менен кыргыз философиясы аркылуу балага бериле турган адамгерчилик, ыйман, улуттук аң-сезим сыяктуу сапаттар коомубуздун рухий ден-соолугун калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Бул изилдөөнүн максаты – кыргыз элинин тарыхый тажрыйбасына таянган бала тарбиялоо ыкмаларын ачып берүү, алардын философиялык мазмунун чечмелеп, бүгүнкү күндө колдонууга болуучу жактарын сунуштоо. Ошондуктан жаш муундарды тарбиялоодо салт менен заманбап ыкмаларды айкалыштырып, улуттук өзгөчөлүктөрдү сактоо мүмкүнчүлүгүн изилдөө.

Элдик оюндар жана иш-аракеттер "улак тартыш", "чүкө", "алтын шакек", "орто топ", "ак-чөлмөк" сыяктуу жана башка оюндар баланы кыймыл аракетке, тартипке, айкөлдүккө жана кызматташтыкка үйрөтүүчү курал болгон жана ал коомдук чөйрөдө өз ордун табууга көмөктөшкөн. Андан сырткары чоң апаларыбыз кийиз жасап, жаш балдарды чакырып кийиз тептирчү. Бул жаш балдарга жүрүп отуруп, улууларга, муктаждарга жардам берүүнү үйрөткөн. Кыргыз элинин салттуу тарбиясы руханий жана моралдык баалуулуктарды муундан муунга жеткирүү менен коомдун биримдигин, адеп ахлагын, инсандын толук кандуу өсүшүн камсыз кылып, бүгүнкү күндө да өз маанисин жоготкон жок жана заманбап шарттарда колдонуу мүмкүнчүлүгү бар.

Балага жаш кезинен жомок айтуу жана аны менен бирге санжыраны айкалыштырып айтып берүү да маанилүү. Бала жомок укканда баатырдык, лидерлик сапатты алса, жалкоонун жашоодогу келечегин түшүнөт. Ал эми санжырада бала өзүнө сен кимсиң? кимдин баласы? деген маанилүү суроолорго жооп берет. Уруусунун өз түпкү тамырын, ата-бабасынын басып өткөн жолун билет. Тарыхка болгон сый-урмат пайда болот. Уруунун каада-салтын үйрөнөт, Мисалы: Атаң Уланбек, чоң атаң Кедей, анын атасы Камчыбек, Жантемир уруусунан чыккан деген сыяктуу тегин сурап отуруп тарыхын – тамырын билет. Ар бир бала өзүнүн тамырын билүү, ата-бабага болгон сый урмат. Элибизде **"тарыхты билбеген элдин келечеги бүдөмүк", "өткөндү билген - келечекти көрөт, тарыхты билген - акыйкатты табат"** деп бекеринен айтылбаган.

Үлгүлүү инсандарды айтуу дагы бала тарбиясына чоң таасир берет. Мисалы баатырлар, акылмандар, мекенчилдер, билимдүүлөр, жазуучулар, акындар деги койчу кайсы жагынан өнөрү көрүнгөн инсан болсун үлгү тутуп айтабыз. Үлгүлүү инсандарды айтуу менен – балага, жаштарга акыл эстүүлүктү, туура жолду көрсөтүүнү, жакшы менен жаманды айрымалоодо жана жакшы сапаттарды өркүндөтүү үчүн абдан маанилүү. Кыргыз элинин тарыхында көптөгөн баатырлар, акылман карыялар, жазуучулар жана алардын тарбиялык ролу абдан чоң. Алардын турмушу, жасаган эмгеги жаштарды жакшы жолго салып, элибизге пайдасын тийгизүү үчүн иш жүзүндө өтө баалуу. Мисалы баатырлардын эрдиктерин айтууда балада, мекенди коргоо жана мекен үчүн

күрөшүүдө, намыскөйлүк сапатын ачуу менен мамлекеттин өнүгүүсүнө салым кошкон инсандардын чыгары күмөнсүз. Алардын жашоосу жаштарга мекенчилдикти, акыйкаттыкты жана эрдикти үйрөтөт. Ошондой эле "Манас" эпосу кыргыздын улуу баатыры, Манас эпосунун башкы каарманы. Манастын өмүр баяны, анын эрдиктери жана кыргыз эли үчүн жасаган кызматы көптөгөн жакшы сапаттарды үйрөтөт. Манас жаш кезинен эле чоң сыноолордон өтүп, мекенин коргоо үчүн ар дайым күрөшүп келген. Андан сырткары дүйнөдөгү эң бай чыгармалардын бири. Манас өзүнүн калыс болушу менен элди туура жолго баштаган. Улуу баатыр өз элин сүйүп, анын алдында, турмушта көптөгөн жеңиштерге жеткен. Балдарга баатырлар эрдикти, мекенчилдикти, акыйкаттыкты, лидерликти үйрөтсө, акылман карыялар тажрыйбасын бөлүшүп, акыл кеңешин айтуу менен бирге адептүүлүккө, айкөлдүккө, табышкердикке, чыгармачыл болууга үндөйт. Алардын акыл кеңештери, баатырдык сапаттары, жеңиштери акын-жазуучулар болбосо эл оозуна алынбас эле. Акын -жазуучулардын чыгармалары балдарга чоң таасир берет. Балдар мектептен жазуучулардын чыгармалары менен таанышып, тарбияланат. Улуу жазуучубуз Ч.Айтматовдун эмне деген жандуу чыгармалары бар. Бул жөнүндө балдарга айтпасак болбойт. "Адамга эң кыйыны, күн сайын адам болуу" деп тегин жерден айтпаган экен. Адам өмүр бою изденип, кун сайын адам болуу үчүн дагы калыптанган тарбия керектелет тура.... Акындарыбыз сөздөрдү шуурудай тизип, кептин ордун, сөздүн сырын таап сүйлөгөндү үйрөтөт. Мисалы, Н. Малдыбаевдин балалык чыгармасында:

Нан түгөнүп калган кезде үйүңдө,
кошунада бар деп калчу түңүлбө.
Бир нан берип турсун деди энем деп,
мен жүрчү элем кошунамдын үйүндө.
Жалгыз нандын бөлүп берген жартысын,
жан дүйнөсү толгон экен шүгүргө.
Кошунадан нан алганды мындай кой,
үйлөрүнө кирбей калдык бул күндө.
Чоң иш бүтүп чоң атамдын үйүндө,
койлор маарап, уйлар мөөрөп күүгүмдө,
атам-апам, энем болуп баарыбыз,
олтурчубуз чоң чырактын түбүндө.
Ошол күндөр жомок сындуу бул күндө.
Менин балалык чагым дал ушундай өткөн. Акындын ыр саптары өзүнүн балалыгын ырга салып, айтылган сөздөрдүн ордун табуу дагы чоң талант экендигин айткым келет. Бүгүнкү күндө ырда айтып тургандай кошуна менен иши жок балдарды өстүрүп жатабызго деп коркуп кетем. Чоң чырактын түбүндө чогулуп отурган сүйлөшүүлөр бүгүнкү күндө жокко эсе. Баардык убакыт телефонго алмашкан. Чоң-кичине, каары-жаш дебей колубуз телефондо. Андагы пайдалуусунда, пайдасы тийбегенин да ылгабай көрүп жатабыз. Телефондун, интернеттин келиши жашообузду толугу менен өзгөрттү. Ата-эненин балага, баланын окууга убактысы жок болуп баратат. Бул өзүнчө өлкөбүздөгү глобалдуу маселелердин бирине айланууда.

Технологиянын жана интернеттин өсүшү менен, азыркы кыргыз тарбия философиясы да өзгөрүүдө. Жаңы муун билим алууда, жана дүйнө менен байланышта интернетти кеңири колдонуп, заманбап технологияларды тарбиянын бөлүгү катары кабыл алып, аны туура пайдаланууну үйрөтүүгө үндөө керек. Бул учурда маалыматтын аныктыгы, интернеттин негативдүү таасирлерине каршы туруу жана туура маалыматты тандоо маанилүү экендигин айтбаса да белгилүү.

Глобализациянын таасири дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүн бириктирип жаткан шартта кыргыз тарбия философиясы дүйнөлүк маданияттардын таасири алдында жаңы кырдаалга туш болууда. Бул өзгөчө жаштар арасында жаңы көз караштарды жана ой жүгүртүүлөрдү пайда кылууда. Азыркы доордо билим берүү тармагында көптөгөн өзгөрүүлөр болуп жатат. Мектептерде жана жогорку окуу жайларында адабий мурас, этнографиялык баалуулуктар, жаштарга туура тарбия берүү боюнча темаларды камтыган программаларга өтүү зарыл. Бул билим берүү системасынын кыргыз тилинде жана кыргыз маданиятында берилишине басым жасоо керектелет.

Азыркы кыргыз тарбия философиясында бир нече жаңы чакырыктар жана көйгөйлөр пайда болду, аларды тарбиялык иш-чараларда эске алуу керек болгон факторлор. Жаңы муундун социалдык жана эмоционалдык жактан өсүүсү менен байланышкан көйгөйлөр. Ушул тапта жаштардын ички руханий дүйнөсү, алардын жашоосундагы туура жолду табуу боюнча көйгөйлөр көп. Бул

кыргыз тарбия философиясында да көңүл бурулушу керек болгон жаңы багыттардын бири.

Көп учурда жаштар өзүн табууда, туура адамдык баалуулуктарды кайдан алууну билбегендей. Ошондуктан азыркы тарбия философиясы жаштарды руханий тазалыкка, адеп-ахлактык сапаттарды сактоого үйрөтүү боюнча маанилүү маселелерди камтылышы зарыл.

Өз талабына ылайык таалим-тарбияга, заманбап илим-билимге, жогорку маданиятка ээ болууга жана өнөр кесип үйрөнүүгө умтулган жаштарыбыз да жок эмес. Бул биз үчүн сыймык.

Кыргыз философиясында балдардын деги койчу адамдардын жашоосунда моралдык принциптер жана этикалык баалуулуктар көп орун алат. Бул принциптер этикалык жолду жана жашоонун адеп-ахлактык жактарын аныктайт. Жакшы адам болуу — бул башкаларга жардам берүү, чынчылдык жана боорукердикти камсыз кылуу. Сый-урмат, достукту жана этиканы сактоо жашоонун негизги принциптерин түзөт. Өзгөлөргө жардам берүү, өмүрдөгү эң чоң бакыт. Ал эми жардам берүү жана коомго пайда келтирүү деген түшүнүк элибиздин бала тарбиялоосунда кеңири таралган. Моралдык жана этикалык баалуулуктар болуп, чынчылдык, эмгекчилдик, боорукердик — бул баалуулуктар кыргыз коомунун негизги принциптери болуп саналат. Ал эми сабырдуулук, жашоодо көптөгөн кыйынчылыктарга туруштук берип, ар кандай кырдаалда сабырдуу болуу да маанилүү экендиги кыргыз философиясында кур эмес. Адам жана жашоо, бири-бирине байланышы бар, терең руханий, этикалык жана маданий түшүнүктөрдүн айкалышы. Адамдын жашоосундагы максаты анын коомго, табиятка жана өзүнө болгон мамилеси аркылуу аныкталат. Жашоо — бул сыноо, өзүнүн руханий жактан өсүшү жана жакшылыкка умтулуусунун жолу. Адамдын жашоосу үчүн акыйкаттык, сый-урмат, эмгекчилдик жана чынчылдык сыяктуу баалуулуктар негизги принциптер. Кыргыз философиясындагы адам жана жашоо түшүнүгү терең философиялык жана маданий мааниге ээ. Адамдын жер бетиндеги орду, анын коомдогу ролу, жашоонун максаты жана адамдын ички дүйнөсү тууралуу түшүнүктөр негизги орунду ээлейт. Бул түшүнүктөр көп учурда адабий мурас, тааным, моралдык баалуулуктар жана духаний изденүүлөр аркылуу айкын көрүнөт. Табиятка байланыштуу түшүнүктөр, көптөгөн макал-лакаптарда жана элдик философияда адамдын табият менен иштешүүсү, табигаттын мыйзамдарына баш ийүүсү керектиги айтылат. Кыргыз философиясында жашоо көп учурда өтмүш, азыркы жана келечектеги турмуштун улануусу катары каралат. Адамдын жашоосу анын руханий өсүшү, өнүгүүсү жана балдарга жакшы тарбия берүүсү аркылуу уланат. Кыргыз философиясында жашоонун максаты бул, жакшы адам болуу, жамандыкты, ар кандай болбой турган жосундардан алыс болуу. Жашоонун мааниси көп учурда жакшылык, сый-урмат, акыйкаттык жана эмгекчилдик сыяктуу моралдык баалуулуктарга таянат. Кыргыз философиясында өмүрдүн убактылуу экени тууралуу түшүнүк да бар. Өлүмдү алдын ала кабыл алуу жана жакшы иштерди кылып, коомго пайдалуу болууга умтулуу — жашоонун маанилүү аспектилери. Көптөгөн кыргыз жомокторунда жана элдик макал-лакаптарында жашоо сыноолордон, татаал кырдаалдардан жана кыйынчылыктардан өтүү катары сүрөттөлөт. Мындай көз караш жашоодо ийгиликке жетүү үчүн сабырдуулук жана күчтүү рух керек экендигин көрсөтөт. Адам өзүнүн турмушундагы кыйынчылыктарды жеңүү үчүн, өзүнүн аракетин күчөтүп, ар бир убактысын баалоо керектелет. Сынактар жана өзүн-өзү өркүндөтүп, адам ар бир сынактан сабак алып, руханий жактан өсүп, өнүгүшү керек деген түшүнүк бала кезден берилген.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын “Улуттук дем- дүйнөлүк бийиктик” уңгужолу 18.12.2024-ж. № 369 жарлыгы менен бекитилген.

2. Интернет булактары.